Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн
2026-жылдын 16-февралынын
№13 тескемесине
№ 3 тиркеме

Чым-Коргон айыл аймагында «Чүй Туризм» долбоорун ишке ашыруу боюнча

**ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ**

**Иш-чаралар планы 16 бөлүмдөн турат,** иш-чаралардын саны 40
**Ишке ашыруу мөөнөтү:** 2026-жыл, так мөөнөттөргө жана кварталдарга бөлүнгөн
**Мониторинг жана көзөмөл:** туруктуу (кварталдык, жарым жылдык)

**БӨЛҮМДӨРДҮН АТАЛЫШТАРЫ:**

1. Башкаруу жана координациялоо системасын түзүүнүн даярдоо этабы (1 иш-чара)
2. Туристтик потенциалды инвентаризациялоо (1 иш-чара)
3. Жер ресурстары жана аймактык даярдык (4 иш-чара)
4. Туристтик продукт жана маршруттар (1 иш-чара)
5 . Коопсуздук жана укуктук коргоо (3 иш-чара)
6. Инвестиция тартуу жана коштоо (1 иш-чара)
7. Коомчулук жана инвесторлор менен иш (1 иш-чара)
8. Транспорттук жана маалыматтык жеткиликтүүлүктү, навигацияны камсыз кылуу (1 иш-чара)
9. Этнотуризм жана уникалдуу объекттер (1 иш-чара)
10. Кадрлар жана жергиликтүү бизнес (1 иш-чара)
11. Коопсуздук жана укуктук коргоо (1 иш-чара)
12. Инженердик жана сервистик инфраструктура (1 иш-чара)
13. Мониторинг, башкаруу жана натыйжалуулукту баалоо (3 иш-чара)

**ИШ-ЧАРАЛАР ПЛАНЫ**
2026–жылына карата **«ЧҮЙ ТУРИЗМ»** артыкчылыктуу багытын ишке ашыруу боюнча
**(ЖОЛ КАРТА)**

**Максаты:** Чым-Коргон айыл аймагында туризмди экономиканын приоритеттүү жана инвестициялык тармагы катары өнүктүрүү, жеке инвестицияларды жана мамлекеттик-жеке өнөктөштүк механизмдерин тартуу, туристтик инфраструктураны жакшыртуу, чакан жана орто бизнести колдоо, туруктуу жумуш орундарын түзүү.

**Көзөмөлдүн негизи:** Бул иш-чаралар планынын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратына жүктөлөт.

**Аткаруучулар:**

- Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин Жол чарба департаменти;
- Кемин райондук мамлекеттик администрациясы;
- Кемин райондун шаар куруу жана архитектура башкармалыгы;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу жер ресурстары, кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агеттигинин Кемин филиалы
- Кемин райондук ички иштер бөлүмү;
- Кемин суу чарба башкармалыгы;
- Кемин электр тармактар ишканасы;
- “Кыргызтелеком” ААКнын Кемин филиалы;
- Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Кемин району боюнча бөлүмү;
- Чым-Коргон айыл өкмөтү;
- Чым-Коргон айыл аймагындагы саламаттыкты сактоо мекемелер;
- Чым-Коргон айыл аймагынын дене тарбия жана спорт боюнча кызматкерлер;
- Чым-Коргон айыл аймагынын жаштар жана коомдук уюмдар.

**Эскертүү**

Бул иш-чаралар планы:

- айыл аймактык өнүгүү пландарынын алкагында ишке ашырылат;
- туризмди өнүктүрүү боюнча жаңы инвестициялык мүмкүнчүлүктөр жана приоритеттүү долбоорлор аныкталган учурда, ошондой эле социалдык-экономикалык кырдаалга жараша такталууга жана толукталууга тийиш;

| № | Милдет | Иш-чаралардын аталышы | Аткаруу мөөнөтү | Жооптуу аткаруучулар | Күтүлүүчү натыйжа | Каржылоо булагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **1-бөлүм. Башкаруу жана координациялоо системасын түзүүнүн даярдоо этабы** | | | | | | |
| 1 | Чым-Коргон айыл аймагында «Чүй туризм» долбоорун башкарууну уюштуруу жана ишке ашыруу | «Чүй туризм» долбоорун ишке ашыруу боюнча жумушчу комиссияларды түзүү | 2026-жыл | Айыл өкмөтү | Жумушчу комиссиялар түзүлдү | Каржылоо талап кылынбайт |
| **2-бөлүм. Туристтик потенциалды аныктоо** | | | | | | |
| 2. | Туристтик потенциалды аныктоо | Комиссия тарабынан айыл аймакта туризмди өнүктүрүү боюнча жерлерди изилдөө | 2026-жыл | Айыл өкмөтү | Туристик объектилерди, маршруттар аныкталат | Жергиликтүү бюджет |
| **3-бөлүм. Жер ресурстары жана аймактык даярдык** | | | | | | |
| 3. | 3.1.Туристтик объекттерди ачуу үчүн жер тилкелерин түзүү жана тартипке келтирүү | 3.1.1. Туристтик объекттерди ачуу үчүн ыңгайлуу шарттары бар жер тилкелеринин тизмесин түзүү | 2026-жыл | Айыл өкмөтү,Кадастр, Кемин архитектура жана шаар куруу башкармалыгы | Туристтик объекттерди жайгаштырууга жарактуу жер тилкелери аныкталды | Каржылоо талап кылынбайт |
| | | 3.1.2. Жер тилкелеринин жайгашуусунун тизмесин жана карта-схемаларын даярдоо | 2026-жыл | Айыл өкмөтү,Кадастр, Кемин архитектура жана шаар куруу башкармалыгы | Перспективдүү жер тилкелеринин жайгашуу карталары даярдалды | жергиликтүү бюджет, донорлор |
| | | 3.1.3. Ченемдик укуктук актыларга ылайык жер тилкелеринин укук белгилөөчү документтерди даярдоо | 2027-жыл | Айыл өкмөтү,Кадастр, Кемин архитектура жана шаар куруу башкармалыгы | Долбоорлорду мыйзамдуу жана туруктуу ишке ашыруу үчүн шарттар түзүлдү | Жергиликтүү бюджет, донорлор |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3.1.4. Туристтик объекттерди куруу үчүн жер тилкелерин берүү механизмин иштеп чыгуу | 2027-жыл | Айыл өкмөтү | Жер тилкелерин берүүнүн ачык-айкын жана түшүнүктүү механизми түзүлдү | Каржылоо талап кылынбайт |
| | 3.2.Туристтик объекттерди көрктөндүрүү | 3.2.1.Туристтик объекттерде жана туристтик маршруттарда ишембиликтерди уюштуруу жана өткөрүү (аймактарды тазалоо, таштандыларды чыгаруу, айлана-тегерегин көрктөндүрүү жана жашылдандыруу) | Ар дайым | Айыл өкмөтү, "Элдик" МИ | Туристтик объекттердин санитардык абалы жана сырткы көрүнүшү жакшыртылды, туристтик аймактар көрктөндүрүлдү | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| | 3.3.Туристтик объекттерге жана туристтик маршруттарга таштанды челектерин орнотуу жана тейлөө | 3.3.1.Туристтик объекттерди таштанды челектери менен камсыз кылуу | Жыл ичинде | "Элдик" МИ | Туристтердин маалымдуулугу жогорулатылды, навигация жакшыртылды жана туристтик объекттер тууралуу санариптик маалыматка жеткиликтүүлүк камсыздалды. | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| | 3.4.Туристтик объекттерди санариптештирүү | 3.4.1.Туристтик объекттерди инвентаризациялоо, маалыматтык QR-коддорду иштеп чыгуу жана жайгаштыруу (сүрөттөмө, тарыхы, баруу эрежелери, навигация), QR-коддорду расмий туристтик платформалар жана карталар менен интеграциялоо | Жыл ичинде | Айыл өкмөтү | Туристтердин маалымдуулугу жогорулады, навигация жана туристтик объекттер жөнүндө санариптик маалыматка жеткиликтүүлүк жакшырды | Жергиликтүү бюджет, донорлор |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3.4.2..Туристтик объекттерде жана аларга чектеш аймактарда тышкы жарыктандырууну орнотуу, модернизациялоо жана туруктуу иштешин камсыз кылуу | Жыл ичинде | Айыл өкмөтү | Туристтердин коопсуздугу жана жайлуулугу жогорулады, туристтик объекттердин визуалдык жагымдуулугу артты | жергиликтүү бюджет, донорлор |
| **4-бөлүм. Туристтик продукт жана маршруттар** | | | | | | |
| 4 | 4.1.Туристтик продуктылар жана жайгаштыруу объекттери | 4.1.1. Жаңы маршруттарды жана кызматтарды иштеп чыгуу (жөө маршруттар, коопсуздукту, жеткиликтүүлүктү жана категориялуулукту эске алуу менен тематикалык зоналар) | 2027-жыл | Айыл өкмөтү | Аймакта туристтик продуктусу кеңейтилди жана диверсификацияланды | Каржылоо талап кылынбайт |
| | | 4.1.2. Туристтик жагымдуулукту жана инфраструктуралык шарттарды эске алуу менен кемпингтерди жана рестпоинттерди жайгаштыруу үчүн кыска мөөнөттүү эс алуу жайларын аныктоо | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Айыл аймакта жыл бою туристтик жагымдуулугу жогорулады | Каржылоо талап кылынбайт |
| **5-бөлүм. Коопсуз чөйрө жана өзгөчө кырдаалдар** | | | | | | |
| 5. | 5.1.Туристтик аймактарда навигацияны, коопсуздук стандарттарын, өзгөчө кырдаалдарга | 5.1.1. Аймакта туристтик имиджин бекемдөөгө өбөлгө түзгөн коопсуз жана ыңгайлуу жашоо чөйрөсүн түзүү | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Туристтер жана жергиликтүү тургундар үчүн коопсуз шарттар камсыздалып, региондун имиджи жогорулатылды | Жергиликтүү бюджет, донорлор |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| даярдыкты, ошондой эле калкты жана туристтерди коргоону камтыган коопсуздукту жана комфорттун комплекстүү тутумун калыптандыруу | 5.1.2. Туристтик аймактарда маалыматтык көрсөткүчтөр, кабарлоо жана эвакуация системалары менен жабдуу | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Туристтердин маалымдуулугунун жана коопсуздугунун деңгээли жогорулатылды, ыкчам багыт алуу жана өзгөчө кырдаалдар учурунда эвакуациялоо камсыздалды | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| | 5.1.3. Туристтик аймактар, оюн-зоок парктары, тоо лыжа комплекстери үчүн коопсуздуктун бирдиктүү стандарттарын киргизүү, ошондой эле биринчи жардам көрсөтүү пункттарын жана куткаруу кызматтарын уюштуруу | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | аймактагы бардык туристтик объекттер үчүн бирдиктүү коопсуздук талаптары түзүлдү | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| | 5.4.Табигый өзгөчө кырдаалдардын (сел, жер көчкү, суу ташкыны, суу каптоо, кооптуу процесстерди) алдын алуу боюнча туруктуу мониторинг жүргүзүү системасын уюштуруу, дамбаны, таяныч дубалдарды, суу буруучу каналдарды бекемдөө максатында инженердик коргоо, дарыялардын агымын калыбына келтирүү) | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Жаратылыштык өзгөчө кырдаалдардын пайда болуу жана анын кесепеттеринин тобокелдиктери азайтылды, туристтик аймактарда калктын жана туристтердин коопсуздугу камсыздалды | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| 5.2.Туристтик объекттерде өрт | 5.2.1.Туристтик объекттерде өрт | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Туристтик объекттерде өрт | Жергиликтүү бюджет, |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | коопсуздугун камсыз кылуу | коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларды жүргүзүү (абалын текшерүү, өрттү өчүрүүнүн алгачкы каражаттары менен камсыз кылуу, нускама өткөрүү жана алдын алуу иш-чаралары) | | | коопсуздугунун деңгээли жогорулатылды, өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу коркунучу төмөндөтүлдү | донорлор |
| **6-бөлүм. Инвестиция тартуу жана коштоо** | | | | | | |
| 6. | 6.1.Туризм тармагына инвестицияларды тартуу жана комплекстүү коштоочу инвестициялык долбоорлорду камсыз кылуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү | 6.1.1.Туризм тармагындагы инвестициялык долбоорлорду тартуу жана коштоо | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Туризм тармагындагы инвестициялык долбоорлордун саны көбөйтүлүп, региongo жеке инвестициялардын агымын камсыз кылат | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| | | 6.1.2. Туризм тармагындагы ишкердик субъекттерине системалуу маалыматтык-консультациялык колдоо көрсөтүүнү уюштуруу | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Ишкердикти туруктуу өнүктүрүү жана туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу үчүн шарттар түзүлдү | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| **7-бөлүм. Коомчулук жана инвесторлор менен иш** | | | | | | |
| 7. | 7.1.Социалдык колдоо жана коомчулук менен өз ара аракеттенүү | 7.1.1. Жергиликтүү калк менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, инвесторлор менен коомдун өз ара аракеттенүүсүн чыңдоо | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Туризмди өнүктүрүүгө жана инвестициялык ишмердүүлүккө карата жергиликтүү калктын позитивдүү мамилеси калыптанды | Каржылоо талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 7.1.2. Коопсуздук жана санитардык стандарттар маселелери боюнча колдоо | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Инвесторлорду укуктук корголушу камсыздалып жана административдик тоскоолдуктар азайтылды | Республикалык бюджет, жергиликтүү бюджет, донорлор |
| **8-бөлүм. Транспорттук жана маалыматтык жеткиликтүүлүктү, навигацияны камсыз кылуу** | | | | | | |
| 8. | 8.1.Туристтик навигация жана транспорттук жеткиликтүүлүк | 8.1.1. Туристтик объекттерге кирүүчү жолдорду жана унаа токтотуучу жайларды (парковкаларды) жайгаштыруу | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Ички жана кирүүчү туристтик агым көбөйдү | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| | | 8.1.2. Унаа токтотуучу жайларды, аялдамаларды, пикник аймактарын, белгилерди жана негизги маршруттардын карталарын аныктоо жана камсыз кылуу | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Туристтер үчүн заманбап жана ыңгайлуу навигациялык жана сервистик инфратүзүм түзүлдү | Каржылоо талап кылынбайт |
| **9-бөлүм. Этнотуризм жана уникалдуу объекттер** | | | | | | |
| 9. | 9.1.Этно-кол өнөрчүлүк туризмин өнүктүрүү аркылуу салттуу кол өнөрчүлүктү жана материалдык эмес маданий мурастын элементтерин сактоо, өнүктүрүү жана жайылтуу. | 9.1.1 Этно-кол өнөрчүлүк туризмин өнүктүрүү, анын ичинде этно-кол өнөрчүлүк маршруттарын, устаканаларды, көргөзмө-демонстрациялык аянтчаларды түзүү жана элдик кол өнөрчүлүк чеберлерин туристтик ишке тартуу | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Региондун туристтик жагымдуулугу жогорулатылды, салттуу кол өнөрчүлүктү сактоо жана кеңири жайылтуу камсыз кылынды, туризм чөйрөсүндө жергиликтүү калктын иш менен камсыз болуу жана өзүн-өзү иш менен камсыз | Жергиликтүү бюджет, донорлор |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | кылуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилди | |
| **10-бөлүм. Кадрлар жана жергиликтүү бизнес** | | | | | | |
| 10. | 10.1.Туризм тармагынын кадрдык потенциалын калыптандыруу жана өнүктүрүү, ошондой эле сапаттуу туристтик тейлөөнү камсыз кылуу үчүн ыктыярчыларды жана гиддерди даярдоо | 10.1.1. Волонтерлорду жана гиддерди окутууну, квалификациясын жогорулатууну жана сертификаттоону уюштуруу, анын ичинде туристтик сервистин стандарттары, коопсуздук жана экскурсиялык иш боюнча тренингдерди, курстарды жана практикалык сабактарды өткөрүү | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Туристтик тармактын кадрларын кесиптик даярдоо деңгээли жогорулады, окутулган волонтерлордун жана гиддердин корпусу түзүлдү, туристтерди экскурсиялык жана сервистик тейлөө сапаты жакшырды | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| | | 10.1.2. Жергиликтүү калкты жана ишкердик субъекттерин окутуу жана туризм чөйрөсүнө тартуу (конок үйлөрү, туристтик тейлөө, кымыз менен дарылоо, экскурсиялык иш) | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү | Жергиликтүү калктын жана ишкерлердин кесиптик даярдыгынын деңгээли жогорулады, туристтик кызмат көрсөтүүлөрдүн спектри кеңейтилди жана сапаты жакшырды | Жергиликтүү бюджет, донорлор |
| **11-бөлүм. Коопсуздук жана укуктук коргоо** | | | | | | |
| 11. | 1.1.Туристтердин комплекстүү коопсуздугун жана сервистик коштоосун камсыз кылуу | 11.1.1. Туристтик зоналарды, маданий мурас объекттерин жана туристтер көп жүргөн жайларды дайыма патрулдоо | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү Кемин РИИБ | Туристтердин коопсуздугун жогорулатуу жана Чүй облусунун жакшы имиджин түзүү | Каржылоо талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 11.1.2. Туристтердин, анын ичинде чет өлкөлүк жарандардын катышуусу менен болгон кайрылууларга жана окуяларга ыкчам чара көрүүнүн камсыз кылуу | 2027-2028-жж | Айыл өкмөтү Кемин РИИБ | | |
| | | 11.1.3. Туристтерге карата укук бузуулардын алдын алуу боюнча профилактикалык иш-чараларды жүргүзүү; туристтерге маалыматтык жана консультациялык жардам көрсөтүү (маршруттар, туристтик объекттер, болуу эрежелери, шашылыш байланыштар) | | | | Каржылоо талап кылынбайт |
| **12-бөлүм. Инженердик жана сервистик инфраструктура** | | | | | | |
| 12 | 12.1.Туризм тармагындагы инвестициялык долбоорлорду комплекстүү коштоону камсыз кылуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү | 12.1.1.Туризм тармагындагы инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруунун бардык этаптарында инвесторлорду колдоо максатында комплекстүү коштоону камсыз кылуу | апрель–июнь | РМА, облустук маанидеги шаарлардын мэриялары, ЖӨБО | Туризм тармагындагы инвестициялык долбоорлорду комплекстүү коштоо механизми түзүлдү жана иштеп жатат, инвесторлор тарабынан долбоорлорду ишке ашыруунун бардык этаптары өз убагында жана натыйжалуу өтүшү камсыздалды, административдик жол-жоболордун | Республикалык бюджет, жергиликтүү бюджет, донорлор |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | мөөнөттөрү кыскартылды жана туристтик тармактын инвестициялык жагымдуулугу жогорулатылды | |
| **13-бөлүм. Мониторинг, башкаруу жана натыйжалуулукту баалоо** | | | | | | |
| 13. | 13.1.Айыл аймакта “Чүй туризм” багыты боюнча инвестициялардын көлөмүн, туристтик агымдын динамикасын жана түзүлгөн жумуш орундардын санын камтыган бирдиктүү мониторинг жана отчеттуулук системасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү | 13.1.1.“Чүй туризм” багыты боюнча бирдиктүү мониторинг жана отчеттуулук системасын киргизүү (инвестиция, туристтик агым, жумуш орундар) | Ачылып курулгандан кийин квартал сайын | КР Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты | Туризм боюнча маалымат бирдиктүү форматта чогултулат | Каржылоо талап кылынбайт |
| | | 13.1.2.“Чүй туризм” багыты боюнча негизги көрсөткүчтөргө (KPI) негизделген кварталдык мониторингди, жылдык аналитикалык баалоону жана жооптуу жетекчилердин персоналдык натыйжалуулугун баалоо системасын киргизүү | Ачылып курулгандан кийин жарым жыл сайын | КР Президентинин Чүй облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты | Туризм тармагында башкаруучулук чечимдердин ыкчамдыгы жогорулады; инвестициялык долбоорлордун өз убагында ишке киргизилди; жооптуу жетекчилер тарабынан берилген тапшырмалардын өз мөөнөтүндө жана толук аткарылды; | Каржылоо талап кылынбайт |
| | 13.2.Туризм тармагындагы иш-чараларды ишке ашыруунун жыйынтыктарын чыгаруу | 13.2.1.Туризмди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планынын аткарылышын талдоо, жыйынтык отчетту даярдоо жана сунуштоо | Ачылып курулгандан кийин IV квартал | Туризм чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган, райондук мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | Иш-чаралар планынын аткарылышы боюнча жыйынтык отчет даярдалып, сунушталды | Талап кылынбайт |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 13.3,.Кийинки жылга карата иш-чараларды пландаштыруу | 13.3.1.Туризмди өнүктүрүү боюнча кийинки мезгилге иш-чаралар планын түзүү жана макулдашуу | Ачылып курулгандан кийин IV квартал | Туризм чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган, райондук мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары | Кийинки жылга карата туризмди өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планы түзүлдү жана бекитилди | Талап кылынбайт |

**Эскертме:** Чым-Коргон айыл аймагында туристтик объектилер жок, потенциалдарды караштырып, “Чүй туризм” программасын өнүкиүрүү боюнча планга алынат.

**Башчынын орун басары** **А.Джамангулова**